# Улуттук банктын ноталары

*(2013-жылдын февраль айы)*

**1-график. Улуттук банктын ноталарына суроо-талап жана аларды жайгаштыруу**




Февраль айында өткөрүлгөн төрт аукциондо Улуттук банктын ноталарынын эмиссиянын жарыяланган көлөмү жалпы алганда 3,6 млрд. сомду түзгөн, бул өткөн айдын ушул эле көрсөткүчүнөн 7,7 пайызга төмөн.

Суроо-талаптын орточо аукциондук көлөмү февраль айында 38,0 пайызга көбөйүп, 1,3 млрд. сомду түзгөн. Кароого алынган ай ичинде бүтүндөй сатуу көлөмү жүгүртүү мөөнөтү 28 күндүк ноталардан турган, алардын олуттуу бөлүгүн сатуу түзүмүндө 93,5 пайыз жалпы үлүшүн ээлөө менен үч коммерциялык банк сатып алган. Февраль айында сатуунун орточо аукциондук[1] көлөмү өткөн айдагы көрсөткүчкө салыштырмалуу 6,5 пайызга жогорулоо менен 900,0 млн. сомду түзгөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде, эмитент тарабынан жүргүзүлгөн аукциондордун көпчүлүгүндө ноталарга болгон суроо-талап сунуш көлөмүнөн арткан, алар да Улуттук банк тарабынан жүргүзүлгөн акча-кредиттик саясаттын алкагында, февраль айынын ортосунан тартып бир аукцион ичинде 1,5 млрд. сомго чейин жогорулаган.

Улуттук банктын ноталарынын жалпы орточо алынган кирешелүүлүгү февраль айында 0,2 пайыздык пунктка төмөндөп, 2,8 пайызды түзгөн.

**2-график. Улуттук банктын ноталары боюнча суроо-талаптын, сатуунун жана кирешелүүктүн динамикасы**




Жүгүртүүдөгү ноталардын көлөмү кароого алынып жаткан мезгил ичинде 3,6 млрд. сом деңгээлде түптөлүү менен 6,5 пайызга жогорулаган. Улуттук банктын ноталарына негизги ээлик кылуучуларынан болгон коммерциялык банктардын үлүшү 27,0 пайыздык пунктка, 71,2 пайызга чейин төмөндөгөн, бул резидент-юридикалык жактардын

[1] Бул көрсөткүч ай ичинде суроо-талап/сунуштун жалпы көлөмүнүн ордуна пайдаланылат, анткени ай ичинде өткөрүлгөн аукциондордун саны туруксуз чоңдук болуп саналат.

портфелинин салыштырма салмагынын 1,2 пайыздан 28,8 пайызга чейин бир учурда жогорулашынын натыйжасында келип чыккан. Резидент-жеке адамдардын үлүшү бир аз эле болгон, ал эми резидент-эмес жеке адамдар аукциондордо катышышкан эмес.

**3-график. Улуттук банктын ноталары боюнча сунуунун динамикасы**




**1-таблица. Улуттук банктын ноталарынын аларга ээлик кылуучулар боюнча түзүмү**

*млн.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Комм. банктар | | Резидент юридик. жактар | | Резидент жеке адамдар | | Институт. инвестор | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.03.2012 | 2,313.0 | 1,527.6 | 66.0% | 162.9 | 7.0% | 1.1 | 0.0% | 621.5 | 26.9% |
| 01.04.2012 | 2,113.8 | 1,507.0 | 71.3% | 237.3 | 11.2% | 2.4 | 0.1% | 367.1 | 17.4% |
| 01.05.2012 | 2,072.4 | 1,424.6 | 68.7% | 224.5 | 10.8% | 2.3 | 0.1% | 421.0 | 20.3% |
| 01.06.2012 | 2,196.2 | 1,471.2 | 67.0% | 129.2 | 5.9% | 4.8 | 0.2% | 591.0 | 26.9% |
| 01.07.2012 | 2,063.9 | 1,477.8 | 71.6% | 341.7 | 16.6% | - | 0.0% | 244.3 | 11.8% |
| 01.08.2012 | 1,950.0 | 1,646.8 | 84.5% | 171.5 | 8.8% | 2.0 | 0.1% | 129.7 | 6.7% |
| 01.09.2012 | 1,494.4 | 780.3 | 52.2% | 588.9 | 39.4% | 2.0 | 0.1% | 123.2 | 8.2% |
| 01.10.2012 | 1,775.4 | 1,492.2 | 84.0% | 218.4 | 12.3% | 2.0 | 0.1% | 62.8 | 3.5% |
| 01.11.2012 | 1,900.0 | 1,689.7 | 88.9% | 146.1 | 7.7% | 1.3 | 0.1% | 62.9 | 3.3% |
| 01.12.2012 | 1,900.0 | 1,640.0 | 86.3% | 139.0 | 7.3% | - | 0.0% | 121.0 | 6.4% |
| 01.01.2013 | 3,050.0 | 3,006.4 | 98.6% | 13.5 | 0.4% | - | 0.0% | 30.1 | 1.0% |
| 01.02.2013 | 3,379.5 | 3,316.9 | 98.1% | 40.6 | 1.2% | - | 0.0% | 22.0 | 0.7% |
| 01.03.2013 | 3,600.0 | 2,562.7 | 71.2% | 1,036.0 | 28.8% | 1.3 | 0.0% | - | 0.0% |